Жазуу өнөрүнө тагдырын байлаган ар бир калемгер Таш Мияшев агайдай чыгармачылык узун өмүргө атаа болуунун өзү чоң бакыт эмес пи. Кыргыз адабиятында «Махабат менен кош тошуу». «Ак чынар» сыяктуу окурмандардын сүймөнчүлүгүнө арзыган повесттери, даректүү баяндары жана бир нече поэтикалык жыйнактардын автору болгон жазуучу өмүрүнүн жетимиш жашын эчак оодарып койсо да, чыгармачылыктын күүсүнөн жанбай, күйөрмандарын кубантып, улам бир жаңы чыгармалары, табылгалары менен 80 жаштын эшигин чертип тургány кимди болбосун кубандырбай койбойт. Өткөн жылы «Баарыбыздын атабыз» деген дарек түү баяны Молдо Нияз атындагы республикалык адабий сыйлыктын биринчи баш байгесине ээ болгон. Жаңы кылымдын биринчи жылы жазуучунун рухий өндүрүшүнөн жаралган дагы бир чыгармасы улуу инсан Султан Ибраимов жөнүндө даректүү эскерме китеби жарык көрүп, окурмандардын колуна тийди. Ошол китепти окугандан кийин Таш агай менен маек куруугa ынтызар болдум.

# ЖҮРӨКТӨ КАЛГАН АДАМ

## Таш Мияшевдин «Султан Ибраимов Ошто» китебинин жаралыш тарыхы жөнүндө

**—Агай, чоң иш бүтүрүпсүз. Бул китеп Султан Ибраимовдун инсандык улуулугуна, Оштун эли үчүн кызмат өтөгөн эмгеги не коюлган дагы бир эстелик болуп калаар.**

—Жакшынын изи өчпөйт. Султан Ибраимовичтин арабызда жоктугуна жыйырма жылдан ашуун убакыт болду. Бирок, ал киши жөнүндө Оштун эли азырга чейин жылуу эскерүүлөрдү аңыз кылып айтып келет. Баарыдан да мындай жылуу сөздөрдү бир гана аны менен үзөңгүлөш жүргөн, бирге иштешкен ошолдым. Алардын ичинен экөө дароо оаш тартышты. «Мен жазбаймI Султан Ибраимов мени иштен алган»— деди бирөөсү мен себебин сурасам. «Ал киши мени да иштен алган. Жетекчинин милдети кимдир-бирөөлөрдү иш сапатына жараша кызматтан бошотот, же дайындайт, же кемчилик кетирсе жазалайт. Бирок, жок жерден эле сизди иштен айдаба са керек»,—деп ызаланып чыгып кеттим.

**—Мындай пикирлер Сиздин демиңизге суу сепкендей болгон жокпу?**

—Жок, чайга куйчутту... [illegible]

...нып чыккандар. Китепте эскерүүлөрү берилген адамдардын бардыгы анын таалимин алып, жакшынын шарапатын көргөндөр болуп саналат. Алардын көбү эл-журттун ызаатына ээ болгон, ардактуу эс алуудагы инсандар эмеспи.

**—Султан Ибраимовдун айла-насында жүрүшкөн эң жакын адамдардын бири Барпы Рыспаев болгон экен. Бирок китепти окугандан кийин ал жөнүндө жакшы ойдо калбадым.**

—Мен да ал адамга наразы болоорумдун жөнү бар. Ошол убакта Барпы Рыспаев обкомдун...

**Ибраимовичтин таасири Борборго күчтүү болгонбу, же жетекчилик эр жүрөктүгүбү?**

—Эсимде, жолдон алыс, бийик тоонун ичиндеги Кожо-Келен айылын Отуз-Адырга көчүрүү жөнүндө Кыргыз Совет Министринин токтому кабыл алынып, гезиттерге жарыяланган эле. Султан Ибраимович ошол токтом чыккандан кийин өзү Кожо-Келенге ат минип барып көрүп келиптир. Өз көзү менен көргөндөн кийин «Элди көчүрбөй туруп жол салса болот экен деп» тез арада жолдун курулушун баштаган.

**—Өнөр жаатындагы адамдарга кандай мамиле кылган?**

—Ошто жашашкан чыгармачыл адамдар алигиче анын кичипейилдигин, жөнөкөйлүгүн, камкордугун арман кылып айтып калышат. Ал үчүн чоң-кичине деген адамды бөлүү жок эле. Мен областтык телерадиокомитетинин төрагасы болуп иштеп турганымда бирге жүргөн учурларым көп болду. Алыс-жуукка барып калганда «Шоферлорго чай берилдиби? Журналисттер каерде олтурушат?» деп тактап туруп, анан өзү чайга кирчү.

Кыргыз музыкасынын антологиясы чыкканда Кыргызтелерадиокомитетинин төрагасы Асанбек Токомбаев бир комплектисин мен ден Султан Ибраимовичке берип жиберди. Иши көп болсо да музыка чеберлеринин аты-жөнүн, чыгармаларынын аттарын кунт коюп окуп, жарым саатча олтурду. Аягына чыкканда «Шаршен Термечиков жокко?» деди башын көтөрүп, Ал киши кыргыз элинин бардык таланттуу өнөр адам...

жүргөн, бирге иштешкен ошол кездеги жетекчилер гана эмес, карапайым адамдардын оозунан да көп уктум. Минтип жалпы элге тегиз болгон, улуу-кичүү дебей, кызмат даражасына карабай бардыгынын жүрөгүндө калуунун өзү кандай улуулук.

**—Сиз Султан Ибраимов жөнүндө чыгарма жазууга белсенишиңизге эмне түрткү болду?**

—Ал киши күтүүсүз каза болгондо аны таанып-билгендердин баары бүткүл кыргыз эли өтө кайгыруу менен кабыл алышты. Көбү эскеришип, гезиттерге жазышты, телерадиодон чыгып сүйлөп жатышты. Мен да Султан Ибраимович менен иш боюнча көп жолу жүз көрүшүп, насаатын угуп, сабагын алып калдым эле. Ошондуктан, ал жөнүндө жазууга дилгирлендим. Бирок, бул оюм бышып жетилгиче баштоого даабай жүрдүм. 1997-жылы Султан Ибраимовдун 70 жылдык мааракеси Ош шаарында да белгиленди. Эл сүйгөн инсандын аты кайрадан жаңыланып эскерилди. Ошол мааракенин күүсү менен китеп жазууга кириштим. Адегенде кайсыл жанрда чагылдырсам экен деп көп ойлондум. Көркөм чыгармага караганда эскерме түрүндө элестүү жана даректүү чыгарына көзүм жетти.

**—Жакшыны жакшы деш да адамдан кең пейилдикти, ак ниеттүүлүктү талап кылат эмеспи. Султан Ибраимов жөнүндө бир ооз сөз айтуудан баш тарткандар болдубу?**

—Партиянын Ош обкомунун биринчи катчысы болуп иштеп турган 10 жыл ичинде өзү тарбиялап чыгарган кадрлардан жана ошол убактагы облустук, райондук, чарбалык жетекчилерден 20дан ашуун адамдарга кайрыл

—Жок, кайра курчутту. Ансайын өжөрлөнүп олтуруп жазып, китепти тез эле бүтүрдүм. Султан Ибраимовдун мен көрүп-билген асыл сапаттарын элге тезирээк жеткирейин деп шашылдым. Бирок, эптеп-септеп бүтүрө коёюн дебедим. Эч кимге карматпай бардык матераилдарды өзүм кайрадан иштеп чыгып, өзүм редакторлоп, корректор болуп, бардык мээнетимди жумшап, купулга толоорлук чыгарма болсо деп аракет кылдым. 1998-жылы жазып бүттүм.

**—Бирок, китебиңиз жазылгандан үч жылдан кийин, 2001-жылы жарык көрүптүр. Каражаты кармап турса керек?**

—Эскерме китеп көлөмдүү болду. Ошондуктан, аны басмадан чыгарууга жардам сурап Ош облустук мамлекеттик администрацияга кайрылдым, губернатору Накен Касиевичтин жеке кабыл алуусунда болуп, китеп жөнүндө айттым. Ал жакшы адамдын улуулугун баалай билген инсан экен, сергектик жана түшүнүү менен кабыл алып, дароо колдоду.

**—Накен Касиевич өзү да баш сөз жазып, өзүнүн тагдыр жолунда Султан Ибраимовичтин таасири чоң болгонун ыраазы болуу менен баяндаган турбайбы.**

—Султан Ибраимовдун даанышмандыгы ушунда болгон экен, ал кадрларды тандап, өстүрө билген. Баарынан да адистердин адамдык, иштермандык сапаттары боюнча баалаган. Накен Касиевичке окшогон азыркы учурда облустук, республикалык масштабда иштеп жатышкан канчалаган жетекчилер Султан Ибраимовдун мектебинен тарбияла-

убакта Барпы Рыспаев обкомдун идеологиялык тармагын тейлеген катчы эле. Анын жетекчилерге жасакерлигин, принципсиздигин, өз көмөчүнө гана күл тартаарын угуп да, көрүп-билип да жүрдүм. Бул сапаттары Султан Ибраимовдун көзү өткөндө дагы бир жолу билинди. Тирүүсүндө өзү колтугунда жүргөн адам жөнүндө оозго алып, жакшылыгын айтып коюуга ичи оорунду. Эч жерде атын атап койбоду. 1995-жылы Ошко кайтып келгенинде «Эхо Оша», «Ош шамы» гезиттерине интервью бериптир. Султан Ибраимовичдин тушунда жасаган бардык чоң иштерди: «Биз бүтүргөнбүз, биз, биз!.. деп, ооз көптүрүп, бирок биринчи катчы жөнүндө ооз ачпаптыр. Бул маектерди окушкан көп адамдар кыжырданышып жүрүштү. Алардын ичинде мен да бар элем. Барпы Рыспаевдин ошол маектери боюнча көз карашымды билдирген «Эки маекке бир пикир» деген макаламды орусча, кыргызча гезиттерге жарыялагам.

**—Султан Ибраимов биринчи катчы болуп иштеп турган 10 жылдын ичинде Оштун экономикасын, социалдык-маданий турмушун көтөргөн ири обьектилердин, Токтогул ГЭСинин курулуштары бүткөрүлүп, Төө-Моюн, Бүргөндү, Арка, Төрт-Күл, Савай, Чаткал, Көк-Арт өрөөндөрү өздөштүрүлүптүр. Мындан тышкары канчалаган алыскы айыл-кыштактарга, жайыттарга жолдор чыгарылды. Ал кезде Москванын уруксатысыз тооккана да салынчу эмес да. Ушундай гигант курулуштарды куруунун жолун таап, элге пайдаланууга берүүдө түздөн-түз роль ойногон Султан**

дарын жакшы таанып, баалай билерин ошондон улам түшүнсө болот. Азыркы Ош кыргыз жана өзбек драма театрларынын имараттары да түздөн-түз Султан Ибраимовичтин демилгеси менен салынган. Комуз күүлөрүн жакшы көрөр эле. Болуш Мадазимовду көп чакырып күү черткизип укчу экен. Ал музыканы гана эмес сүйлөшкөн адамын да тыңдай билчү. Ким менен олтурса да адегенде аябай муюп укчу.

**— Сиздин китебиңизди үй-бүлөсү кандай кабыл алды?**

—Бишкек шаарына барганымда Султан Ибраимовичтин жубайы Рева Касымовнага жолугуп, китепти тартууладым. Ал аябай толкунданып, көздөрүнө жаш алды. Китепти кош колдоп колуна кармап, окубай туруп эле: «Түштүктүн, Оштун элине рахмат! Султанды баалап, унутпай түбөлүктүк эстелик коюп жатасыздар. Мен окуюн, анан Сиз менен байланышам»,—деди. Үч күндөн кийин телефон чалып, каргылданган сүйүнүчтүү үн менен мындай деп: «Таш Мияшевич, рахмат Сизге! Чоң иш кылыпсыз! Султандын улуу инсан экенин, ишмердүүлүгүн, кыял-жоругун элестүү чагылдырган жакшы китеп жазылган экен. Буга чейин Султанга арнап жазылган даректүү китепке ичим чыкпай калды эле. Сиздин чыгармаңыз биздин үй-бүлө гана эмес кыргыз эли үчүн да чоң эстелик болуп кала турган эмгек экен». Султан Ибраимовичтин жубайынын, үй-бүлөсүнүн китепке берген баасын мен өтө чоң сыйлык катары кабыл алдым.

**З. ПАСАҢОВА.**